КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

---

# КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН «О ЦЕНТРАЛЬНОЙ КОМИССИИ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ»

# ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «ОБ ИЗБИРАТЕЛЬНЫХ КОМИССИЯХ ПО ПРОВЕДЕНИЮ ВЫБОРОВ И РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ»

Бишкек - 2021

## Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

---

## Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

Бишкек – 2021

## МАЗМУНУ

**«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы ....................................................................4**

**«Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы ....................................................................................28**

1-глава. Жалпы жоболор.......................................................................28
2-глава. Борбордук шайлоо комиссиясы ..............................................30
3-глава. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү........................30
4-глава. Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери .....................30
5-глава. Аймактык жана участкалык шайлоо комиссиялары..............30
6-глава. Корутунду жоболор ..................................................................42

# Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы

## МАЗМУНУ


1-берене. Жалпы жоболор ... 4

2-берене. Борбордук шайлоо комиссиясын түзүүнүн тартиби жана анын статусу ... 5

3-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын милдеттери ... 6

4-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктары ... 6

5-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын ишин уюштуруу ... 10

6-берене. Биринчи жыйналыш жана Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасын жана төраганын орун басарын шайлоо тартиби ... 10

7-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналыштары ... 12

8-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдерин кабыл алуу тартиби ... 13

9-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн статусу жана ишинин негизги кепилдиктери ... 15

10-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн ыйгарым укуктары ... 17

11-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын жана төраганын орун басарларынын ыйгарым укуктары ... 19

12-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын аппараты ... 20

13-берене. Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борбору ... 20

14-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын ишин финансылык жактан камсыз кылуу ... 21

15-берене. Ушул конституциялык Мыйзамдын күчүнө кириши ... 24

## Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2021-жылдын 26-июну №79*

**1-берене. Жалпы жоболор**

1. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы) Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуучу жана шайлоо комиссияларынын тутумуна башчылык кылуучу туруктуу иштеген мамлекеттик бийликтин көз карандысыз органы болуп саналат.

2. Борбордук шайлоо комиссиясы өзүнүн бюджети, атайын фонду, расмий бланкы жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик герби түшүрүлгөн мөөрү бар юридикалык жак болуп саналат.

3. Борбордук шайлоо комиссиясы өзүнчө административдик имаратта жайгаштырылат.

4. Борбордук шайлоо комиссиясы өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын (мындан ары - Конституция), ушул конституциялык Мыйзамды жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын жетекчиликке алат.

5. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле алардын кызмат адамдары Борбордук шайлоо комиссиясына анын ыйгарым укуктарын ишке ашырууга көмөк көрсөтүүгө: зарыл жабдууларды, транспорт каражаттарын, телефондоштурулган жайларды, анын ичинде технологиялык жабдууларды (көргөзмө доскалар, үкөктөр, добуш берүү үчүн кабиналар ж.б.), шайлоо документтерин жогору турган шайлоо комиссиясына же архивге өткөрүп бергенге чейин сактоо үчүн жайларды берүүгө, ошондой эле аларды кайтарууну камсыз кылууга; зарыл маалыматтарды жана материалдарды берүүгө, Борбордук шайлоо комиссиясынын шайлоону, референдумду даярдоо жана өткөрүү менен байланышкан кайрылууларына кечиктирбестен, тийиштүү маселени кошумча иликтөө же текшерүү зарыл болгондо - үч күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү

күнү же добуш берүү күнүнөн кийинки күнү - токтоосуз жооп берүүгө милдеттүү.

6. Саясый партиялар, талапкерлер жана башка коммерциялык эмес уюмдар, башка юридикалык жактар шайлоону, референдумду даярдоонун жүрүшүндө шайлоону, референдумду даярдоо жана өткөрүү менен байланышкан зарыл маалыматтарды жана материалдарды Борбордук шайлоо комиссиясына эки жумушчу күндүн ичинде, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнөн кийинки күнү - токтоосуз берүүгө милдеттүү.

**2-берене. Борбордук шайлоо комиссиясын түзүүнүн тартиби жана анын статусу**

1. Борбордук шайлоо комиссиясынын курамы беш жылдык мөөнөткө түзүлөт жана комиссиянын он эки мүчөсүнөн турат.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (мындан ары - Жогорку Кеңеш) Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн: анын курамынын жарымын - Кыргыз Республикасынын Президентинин (мындан ары - Президент) сунуштамасы боюнча, курамынын экинчи жарымын өз демилгеси менен бир жыныстагы адамдардын жетимиш пайыздан ашпаган өкүлчүлүгүн эсепке алуу менен шайлайт; ушул конституциялык Мыйзамда каралган учурларда, аларды кызматтан бошотот.

3. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн кызмат ордуна талапкерди Жогорку Кеңеш тарабынан четке кагуу негиздүү болууга тийиш. Сунуш кылган субъект ошол эле же башка талапкерди сунуштоого укуктуу.

4. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн бош орду пайда болгон учурда, өзүнүн ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулгандыктан пайда болгон бош орунду ээлөө Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүн мурда шайлаган ошол эле субъекттин сунушу боюнча жүзөгө ашырылат.

5. Борбордук шайлоо комиссиясынын иштеп жаткан курамынын ыйгарым укуктары анын биринчи жыйналышы болгон күндөн тартып башталат жана Борбордук шайлоо комиссиясынын жаңы курамынын биринчи укук ченемдүү жыйналышынан кийин токтотулат.

6. Эгерде Борбордук шайлоо комиссиясынын курамынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү Президентти жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоо өнөктүгүнүн, референдум өнөктүгүнүн учурунда бүткөн учурда, алардын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ошол шайлоо

өнөктүгү, референдум өнөктүгү аяктаганга чейин узартылат.

7. Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарынын токтотулгандыгына же таркатылганына, ошондой эле Президенттин ыйгарым укуктарынын токтотулгандыгына же мөөнөтүнөн мурда токтотулгандыгына байланыштуу Борбордук шайлоо комиссиясынын курамынын иши анын ыйгарым укуктары бүткөнгө чейин токтотулушу мүмкүн эмес.

**3-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын милдеттери**

Борбордук шайлоо комиссиясынын милдеттери:

1) Кыргыз Республикасынын аймактарында Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарынын жана референдумга катышуу укуктарынын сакталышын камсыз кылуу;

2) шайлоо мыйзамдарынын бир түрдүү колдонулушун камсыз кылуу;

3) талапкерлер, саясый партиялар үчүн бирдей укуктук шарттарды сактоону камсыз кылуу;

4) шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын эсебин жүргүзүүнүн бирдиктүү системасын уюштуруу;

5) Президентти, Жогорку Кеңештин депутаттарын, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларын шайлоону жана референдумду даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуу;

6) шайлоо тутумун өнүктүрүү, шайлоо процессинин катышуучуларын маалымдоо жана шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн жана шайлоо комиссиясынын резервинде турган адамдарды окутуу.

**4-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктары**

1. Борбордук шайлоо комиссиясы:

1) шайлоо мыйзамдарынын аткарылышына контролдоону жүзөгө ашырат;

2) өз ыйгарым укуктарынын чектеринде токтомдорду, нускамаларды, жоболорду, башка актыларды чыгарат жана алардын аткарылышын контролдойт;

3) шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын эсебин жүргүзүүнүн бирдиктүү тутумун түзөт жана уюштурат;

4) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын катышуусу менен аймактык шайлоо комиссияларынын сунушу боюнча шайлоо

участкаларынын жана округдарынын схемаларын жана чек араларын карайт жана бекитет. Мында шайлоо участкаларынын схемалары жана чек аралары 5 жылдык мөөнөткө, округдардын схемалары жана чек аралары 10 жылдык мөөнөткө түзүлөт. Шайлоо участкаларынын жана округдарынын схемалары жана чек аралары аймактык шайлоо комиссияларынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сунушу боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан өзгөртүлүшү мүмкүн;

5) бекитилген округдарды жана шайлоо участкаларын, алардын чек арасын жана дарегин көрсөтүү менен, алар бекитилген күндөн беш календардык күндөн кечиктирилбестен жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялайт;

6) аймактык шайлоо комиссияларынын курамын түзөт жана бекитет жана жалпыга маалымдоо каражаттарына алардын курамын жарыялайт;

7) тийиштүү төмөн турган шайлоо комиссияларынын резервин түзөт жана алып барат;

8) төмөн турган шайлоо комиссияларынын, анын ичинде шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларынын тизмесин түзүү, жүргүзүү, жаңылоо жана тактоо боюнча ишин координациялайт;

9) төмөн турган шайлоо комиссияларына укуктук, уюштуруу-усулдук жана техникалык жардам көрсөтөт;

10) аймактык, участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү жана шайлоо процессинин башка катышуучулары үчүн окутууну, анын ичинде электрондук форматта өткөрөт;

11) шайлоо мыйзамдарында аныкталган учурларда жана тартипте шайлоолорду, референдумдарды даярдоону уюштурат жана өткөрөт;

12) шайлоону жана референдумду даярдоого жана өткөрүүгө чыгымдардын алдын ала сметасын иштеп чыгат жана бекитет;

13) шайлоону, референдумду даярдоону жана өткөрүүнү каржылоону уюштуруу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат, шайлоолорду, референдумдарды даярдоону жана өткөрүүнү каржылык жактан камсыз кылууга бюджеттен бөлүнгөн каражаттарды бөлүштүрөт, ал каражаттардын максаттуу пайдаланылышын контролдойт;

14) атайын фонд түзөт жана аны пайдалануу тартибин аныктайт;

15) төмөн турган шайлоо комиссиялары, талапкерлер жана саясый партиялар үчүн каржылык отчеттун формаларын белгилейт;

16) шайлоо документтеринин формаларын, корголуу даражасын,

даярдоо тартибин белгилейт жана текстин бекитет;

17) шайлоо документтерин даярдоону жана аларды төмөн турган шайлоо комиссияларына жеткирүүнү камсыз кылат;

18) шайлоо документтерин сактоонун жана архивге өткөрүүнүн мөөнөтүн, тартибин белгилейт;

19) технологиялык жабдуулардын (көргөзмө доскалар, үкөктөр, добуш берүү үчүн кабиналар ж.б.) ченемдерин иштеп чыгат жана бекитет жана алардын сакталышына контролдоону жүзөгө ашырат;

20) шайлоочуларды идентификациялоо үчүн автоматтык эсептөөчү орнотмолорду, компакттуу түзүлүштөрдү колдонуу менен шайлоону техникалык жактан камсыз кылууну жүзөгө ашырат;

21) Президенттин кызмат ордуна талапкерлердин, Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин, алардын өкүлдөрүнүн жана демилгечи топторунун тизмесин каттайт, аларга белгиленген үлгүдөгү ырастамаларды берет;

22) ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын жашыруун добуш берүүсү үчүн шарттарды түзөт;

23) эл аралык байкоочуларды, чет өлкөлүк жана жергиликтүү жалпыга маалымдоо каражаттарын аккредитациялоону жүзөгө ашырат;

24) шайлоону жана референдумду даярдоо жана өткөрүү маселелери боюнча мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин координациялайт;

25) шайлоо өнөктүгүнүн, референдум өнөктүгүнүн жүрүшү жөнүндө, шайлоо мыйзамдары жана шайлоо комиссияларынын иши жөнүндө шайлоочуларга, референдумдун катышуучуларына маалымдайт;

26) шайлоо мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте референдумдун, Президентти, Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын аныктайт жана аларды жалпыга маалымдоо каражаттарына расмий жарыялоону жүзөгө ашырат;

27) жергиликтүү кеңештердин депутаттарын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларын шайлоонун натыйжалары жөнүндө шайлоо мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет жана аларды жалпыга маалымдоо каражаттарына расмий жарыялоону жүзөгө ашырат;

28) жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин

депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет;

29) Президенттикке шайланган талапкерди, Жогорку Кеңештин депутаттыгына шайланган талапкерлерди каттайт жана аларга белгиленген үлгүдөгү төш белги жана күбөлүктөрдү тапшырат;

30) шайлоо комиссияларынын жана шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн чечимдерине, аракеттерине (аракетсиздигине) даттанууларды карайт, текшерүүлөрдү жүргүзөт жана алар боюнча шайлоо мыйзамдарында белгиленген мөөнөттө жүйөлүү чечимдерди чыгарат;

31) даттанууларды кароо, даттанууларды кароонун мөөнөттөрүн жана тартибин сактоо маселелери боюнча төмөн турган шайлоо комиссиялары менен үзгүлтүксүз өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырат жана даттануулардын реестрин жүргүзөт, ал Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жарыяланат;

32) өзүнүн расмий сайтына добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматты анын түшкөнүнө жараша чагылдырып турат;

33) шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүү тажрыйбаларын иликтейт жана шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча Жогорку Кеңешке сунуштарды берет;

34) калктын шайлоо тутумуна карата ишеним деңгээлине көз карандысыз баалоону үзгүлтүксүз уюштурат, анын натыйжалары жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялоо үчүн милдеттүү. Ишеним деңгээлин баалоо тартиби мыйзамдар менен аныкталат;

35) окутуу жана маалыматтык программаларды иштеп чыгат жана шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө, резервге окутууларды дайыма өткөрүп турат, ошондой эле шайлоо процессинин башка катышуулары үчүн окууларды өткөрөт;

36) Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасын жана төрагасынын эки орун басарын шайлайт жана кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотот;

37) мыйзамдарга ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

2. Борбордук шайлоо комиссиясы төмөнкүлөргө укуктуу:

1) Кыргыз Республикасынын жарандарын каттоо жана эсебин жүргүзүү боюнча тийиштүү мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер менен ишканалардан маалыматтарды талап кылууга;

2) мыйзамда каралган учурларда жана тартипте, административдик жаза колдонууга;

3) ушул конституциялык Мыйзамды жана шайлоо мыйзамдарын бузууларга тийиштүү текшерүүлөрдү жана тыюу салууларды жүргүзүү жөнүндө сунушу менен укук коргоо органдарына кайрылууга;

4) шайлоо мыйзамдарында каралган учурларда жана тартипте, талапкерди, талапкерлердин тизмелерин, демилгечи топторду каттоону жокко чыгарууга;

5) шайлоо мыйзамдары бузулган учурда, шайлоо комиссияларынын чечимдерин жокко чыгарууга;

6) эл аралык байкоочулардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын аккредиттөөсүн кайра чакыртууга;

7) шайлоону, референдумду даярдоого жана өткөрүүгө байланышкан иштерди аткарууга акы төлөп берүү Борбордук шайлоо комиссиясынын чыгымдар сметасы менен аныкталуучу эмгек келишими боюнча штаттан тышкаркы кызматкерлерди (адистерди) тартууга;

8) эл аралык кызматташтыкты жүргүзүүгө.

3. Борбордук шайлоо комиссиясы өзүнүн ыйгарым укуктарын аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик тартат.

**5-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын ишин уюштуруу**

1. Борбордук шайлоо комиссиясынын иши коллегиялуу, айкын жана ачык, анын ыйгарым укуктарына кирген маселелерди эркин талкуулоонун жана чечүүнүн негизинде жүзөгө ашырылат.

2. Борбордук шайлоо комиссиясы, эгерде анын курамы Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн белгиленген санынын үчтөн экиден кем эмесинен түзүлсө, ишке киришүүгө укук ченемдүү.

3. Борбордук шайлоо комиссиясынын ишин уюштуруунун ички маселелери Борбордук шайлоо комиссиясынын регламентинде аныкталат.

**6-берене. Биринчи жыйналыш жана Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасын жана төраганын орун басарын шайлоо тартиби**

1. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү алар шайлангандан кийин беш календардык күндөн кечикпестен өздөрүнүн биринчи

жыйналышына чогулушат.

2. Борбордук шайлоо комиссиясынын биринчи жыйналышы, эгерде ага Борбордук шайлоо комиссиясынын белгиленген курамынын үчтөн экиден кем эмеси катышса укук ченемдүү болуп саналат жана аны курагы боюнча мүчөлөрүнүн улуусу алып барат.

3. Борбордук шайлоо комиссиясынын биринчи жыйналышында:

1) төрагалык кылуучу Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн тааныштырат;

2) курамы Борбордук шайлоо комиссиясынын үч мүчөсүнөн турган эсептөө комиссиясы ачык добуш берүү аркылуу катышкан мүчөлөрүнүн санынын көпчүлүк добушу менен шайланат;

3) Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасын жана анын эки орун басарын шайлоо өткөрүлөт.

4. Төраганын кызмат ордуна талапкерлер Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан көрсөтүлөт. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын кызмат ордуна көрсөтүлгөн Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү жогорку юридикалык билимге ээ же талапкер, же болбосо шайлоо комиссиясынын мүчөсү катары шайлоого катышкан тажрыйбасы болууга тийиш.

5. Добуш берүүгө катышкан Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн добуштарынын санынын жарымынан көбүн алган талапкер Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы болуп шайланды деп эсептелет.

6. Эгерде талапкерлердин арасынан бири да биринчи турда шайлоо үчүн талап кылынган добуштардын санын ала албаган учурда, добуштардын көбүрөөк санын алган бир талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт.

7. Эгерде талапкер экинчи турда Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн жалпы санынын добуштарынын жарымынан көбүн ала албаса, жаңы талапкерлерди көрсөтүү менен жаңы шайлоо өткөрүлөт.

8. Эгерде талапкерлер биринчи турда тең добуш алган учурда, жаңы шайлоо өткөрүлөт.

9. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасын шайлоону Борбордук шайлоо комиссиясынын келерки жыйналышына жылдырууга мүмкүн эмес.

10. Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча биринчи жыйналышта узактыгы 10 сааттан ашпаган тыныгуу жарыяланышы мүмкүн.

11. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын орун басары кызмат ордуна талапкер Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан көрсөтүлөт жана Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасын шайлоо үчүн каралган тартипте шайланат. Орун басардын кызмат ордуна талапкер жогорку юридикалык билимге ээ, же шайлоолорго талапкер, же болбосо шайлоо комиссиясынын мүчөсү катары катышкан тажрыйбасы болууга тийиш.

12. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасын, анын орун басарын шайлоо Борбордук шайлоо комиссиясынын токтомунда жол-жоболоштурулат.

13. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы жана орун басарынын кызмат орундары Кыргыз Республикасынын атайын мамлекеттик кызмат орду болуп эсептелет. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы жана орун басарлары өздөрүнүн ыйгарым укуктарын туруктуу негизде жүзөгө ашырат.

14. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын, төраганын орун басарынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда, бош орунду ээлөө аларды шайлоо тартибине ылайык жүзөгө ашырылат.

15. Биринчи жыйналышты, Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасын жана анын орун басарын шайлоону уюштурууну камсыз кылуу Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратына жүктөлөт.

**7-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналыштары**

1. Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышы (мындан ары - жыйналыш) төрага тарабынан, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн кеминде үчтөн биринин талабы боюнча чакырылат.

2. Жыйналыш шайлоолорду, референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде жумасына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.

3. Эгерде жыйналышка Борбордук шайлоо комиссиясынын белгиленген курамынын көпчүлүк мүчөсү катышса, ал укук ченемдүү болуп саналат. Жыйналыш протоколдоштурулат.

4. Жыйналыш Борбордук шайлоо комиссиясы туруктуу турган жерде өткөрүлөт. Борбордук шайлоо комиссиясы көчмө жыйналыш өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.

5. Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, талапкердин, саясый партиянын, коммерциялык

эмес уюмдардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, талапкерлер, демилгечи топтордун мүчөлөрү, байкоочулар, эл аралык байкоочулар жыйналышка катышууга укуктуу.

6. Жыйналышта сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды кароодо кызыктар тараптар, алардын өкүлдөрү катышууга укуктуу.

**8-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдерин кабыл алуу тартиби**

1. Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери ушул конституциялык Мыйзамда аныкталган тартипте, Борбордук шайлоо комиссиясынын курамы тарабынан кабыл алынат.

2. Борбордук шайлоо комиссиясынын регламентин кабыл алуу, шайлоолорду, референдумдарды даярдоону жана өткөрүүнү каржылык жактан камсыз кылуу, талапкерлерди, талапкерлердин, демилгечи топтордун тизмесин каттоо жөнүндө, талапкерлерди, талапкерлердин, демилгечи топтордун тизмесин каттоону жокко чыгаруу тууралуу, талапкерлерди, талапкерлердин, демилгечи топтордун тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө, шайлоонун, референдумдун натыйжалары тууралуу, шайлоону же референдумду болгон жок же анык эмес деп таануу, кайталап добуш берүү же кайрадан шайлоо өткөрүү жөнүндө, төмөн турган шайлоо комиссияларын таркатуу, Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасын, төрагасынын орун басарларын кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө маселелер боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери жыйналышта Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн белгиленген санынын добуштарынын үчтөн экиси менен кабыл алынат.

3. Борбордук шайлоо комиссиясынын башка маселелер боюнча чечимдери Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн белгиленген санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Төрагалык кылуучу жарыя кылган бардык маселелер боюнча добуш берүүнүн натыйжалары жыйналыштын протоколуна киргизилет.

4. Борбордук шайлоо комиссиясы анын кандай гана болбосун мүчөсүнүн талабы боюнча анын компетенциясына кирген жана бекитилген күн тартибине ылайык анын жыйналышында карала турган кандай гана болбосун маселелер боюнча добуш берүүнү өткөрүүгө милдеттүү.

5. Шайлоонун, референдумдун натыйжалары жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясынын протоколдоруна Борбордук шайлоо

комиссиясынын жыйналышына катышкан бардык мүчөлөрү тарабынан кол коюлат.

6. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышына катышуу менен гана каралып жаткан маселелер боюнча добуш берет. Жыйналышка катышып жаткан Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү добуш берүүдө калыс болууга укуксуз.

7. Борбордук шайлоо комиссиясы кабыл алган чечим боюнча өзгөчө пикири бар Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү өзгөчө пикирин жазуу жүзүндө билдирүүгө укуктуу, ал Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан каралышы, протоколдо чагылдырылышы жана ага тиркелиши керек.

Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн жазуу жүзүндө жол-жоболоштурулган өзгөчө пикири, эгерде ал Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан кабыл алынган чечимге каршы добуш берген учурда, Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими менен бирге жарыялануга жатат.

8. Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими же токтому катары тариздeлип жана ага комиссиянын төрагасы же анын милдетин аткарган адам тарабынан кол коюлат.

9. Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери алар кабыл алынган күндөн баштап күчүнө кирет. Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери 24 сааттын ичинде жарыяланат жана Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырылат.

10. Борбордук шайлоо комиссиясынын токтомдору расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

11. Жыйналышта кабыл алынган чечим жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясы арыз ээсине же кызыктар тараптын өкүлдөрүнө, мыйзамдарда белгиленген мөөнөттө жана тартипте, маалымдайт, алардын өтүнүчү боюнча аларга чечимдердин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн берет.

12. Борбордук шайлоо комиссиясынын өз ыйгарым укуктарынын чектеринде кабыл алынган чечимдери мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин жана ишканалардын, саясый партиялардын, коммерциялык эмес уюмдардын кызмат адамдары, талапкерлер, демилгечи топтордун мүчөлөрү, шайлоочулар,

референдумдун катышуучулары, ошондой эле төмөн турган шайлоо комиссиялары үчүн милдеттүү.

13. Борбордук шайлоо комиссиясынын Конституцияга, мыйзамдарга карама-каршы келген же белгиленген ыйгарым укуктардан аша кетүү менен кабыл алынган чечимдери Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан же сот тартибинде жокко чыгарылууга жатат.

**9-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн статусу жана ишинин негизги кепилдиктери**

1. Ушулberененин 3 жана 4-бөлүктөрүндө саналып өткөн адамдарды кошпогондо, 25 жашка чыккан, активдүү шайлоо укугуна ээ, жогорку билими бар Кыргыз Республикасынын жараны Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү боло алат.

2. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө Жогорку Кеңештин Төрагасы белгиленген үлгүдөгү күбөлүк берет.

3. Төмөнкүлөр Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү боло албайт:

1) Жогорку Кеңештин депутаты, жергиликтүү кеңештин депутаты;

2) мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызмат адамы;

3) судья, аскер кызматкери, укук коргоо жана фискалдык органдын кызматкери;

4) талапкер, талапкердин, саясый партиянын өкүлү;

5) башка төмөн турган шайлоо комиссиясынын мүчөсү;

6) соттолгондугу мыйзамдарда белгиленген тартипте алынбаган же жоюлбаган адам;

7) башка мамлекеттин жарандыгы бар адам.

4. Борбордук шайлоо комиссиясынын курамына жубайлар жана жакын тууган адамдар шайланышы мүмкүн эмес.

5. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктаганга чейин милдеттеринен Жогорку Кеңеш тарабынан төмөнкү учурларда бошотулат:

1) өз ыйгарым укуктарын токтотуу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз бергенде;

2) Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыкканда же жарандыгын жоготкондо, ошондой эле башка мамлекеттин жарандыгын алганда же

болбосо чет мамлекеттин аймагында жарандын туруктуу жашоо укугун тастыктоочу жашап турууга уруксат алганда;

3) туруктуу жашоо үчүн Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары чыгып кеткенде;

4) ага карата соттун айыптоо өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенде;

5) аракетке жөндөмсүз, аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген, дайынсыз жоголгон же каза болгон деп таануу жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;

6) Борбордук шайлоо комиссиясынын билдирүүсү боюнча - каза болгондо;

7) Борбордук шайлоо комиссиясынын сунушу боюнча - милдеттерди жана тапшырмаларды дайыма аткарбаганда;

6. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү ал Президенттин кызмат ордуна талапкер, Жогорку Кеңештин депутаттыгына, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкер же анын өкүлү болуп катталган учурда, Жогорку Кеңештин чечимисиз эле Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн милдетинен бошотулду деп эсептелет. Көрсөтүлгөн учурларда Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү өз ыйгарым укуктарын он күндүк мөөнөттө тапшырууга милдеттүү.

7. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу учурунда саясый партиядагы өз ишин токтото турууга милдеттүү.

8. Төраганы жана төраганын орун басарын кошпогондо, Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү өз ыйгарым укуктарын негизги ишинен ажыратылбастан жүргүзөт.

9. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү өз ыйгарым укуктарын аткаруу мезгилинде анын макулдугусуз башка ишке которулушу же администрациянын (иш берүүчүнүн) демилгеси боюнча бошотулушу мүмкүн эмес.

10. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу менен байланышкан чыгымдарынын ордун толтурууга кепилдик берилет, ошондой эле тийиштүү жылга каралган республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен сый акы төлөнөт.

11. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө комиссияда иштөө

үчүн шарттар түзүлөт, комиссияда иштеген мезгилде имарат, транспорт жана байланыш каражаттары берилет.

12. Шайлоону, референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилине негизги ишинен убактылуу бошотулган Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө шайлоону, референдумду даярдоого жана өткөрүүгө каралган республикалык бюджеттин каражаттарынан эмгек акынын белгиленген өлчөмү берилет.

13. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүн медициналык жана турмуш-тиричилик жактан тейлөө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүн тейлөө деңгээлинде белгиленет.

14. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү тигил же бул маселе боюнча өз пикири, сунушу үчүн куугунтукталышы мүмкүн эмес. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө өз ыйгарым укуктарын жана кызматтык милдеттерин аткарууга тоскоолдук кылуу же кимдир-бирөөнүн пайдасына чечим кабыл алуу максатында зомбулук аракеттер, мазактоо, ага тете ушактоо, анын ыйгарым укуктарын жана кызматтык милдеттерди аткарышы жөнүндө жалган маалыматтарды таркатуу мыйзамдарда белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

15. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө карата жазык иши Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору тарабынан гана козголушу мүмкүн.

**10-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн ыйгарым укуктары**

1. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү:

1) Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышынын күн тартиби боюнча сунуштарды, талкууланып жаткан маселенин маңызы боюнча сунуштарды, сын пикирлерди жана түзөтүүлөрдү киргизет, маалымкаттарды берет, каралып жаткан бардык маселелер боюнча жарыш сөзгө катышат;

2) Борбордук шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарына кирген жана анын жыйналыштарында каралып жаткан ар кандай гана болбосун маселелер боюнча добуш берүүнү өткөрүүнү талап кылууга укуктуу;

3) Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышында кабыл алынган чечим менен макул болбогон учурда, өзгөчө пикирге ээ болууга жана аны кароону талап кылууга укуктуу;

4) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу

органдарынын, саясый партиялардын, коммерциялык эмес уюмдардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн жана жарандарды кабыл алууну жүргүзөт;

5) Борбордук шайлоо комиссиясынын тапшырмасы боюнча төмөн турган шайлоо комиссияларынын ишине контролдоону жүзөгө ашырат, текшерүүлөрдүн натыйжалары жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясына билдирет;

6) шайлоону, референдумду даярдоо жана өткөрүү маселелери жана Борбордук шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарына кирген башка маселелер боюнча ченемдик укуктук жана башка актыларды даярдоого катышат;

7) Борбордук шайлоо комиссиясынын документтери жана материалдары менен, ошондой эле төмөн турган шайлоо комиссияларынын шайлоого, референдумга түздөн-түз байланышкан документтери жана материалдары менен таанышат, ал документтер менен материалдардын (мыйзамда белгиленген тартипте купуя маалыматтарды камтыган документтер менен материалдарды кошпогондо) көчүрмөлөрүн алат;

8) мыйзамдарда каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

2. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) Борбордук шайлоо комиссиясынын бардык кеңешмелерине жана жыйналыштарына катышууга;

2) жүйөлүү себеп боюнча (убактылуу ишке жарамсыздыгы жөнүндө тастыкталган баракча менен тастыкталып, ооруган учурда; Эмгек кодексине ылайык эмгек же башка өргүүгө чыкканда; Борбордук шайлоо комиссиясынын регламентинде каралган башка себептер боюнча) Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналыштарына катышууга мүмкүнчүлүгү болбогону жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасына күн мурунтан билдирүүгө;

3) төмөн турган шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө окууларды өткөрүүгө;

4) Борбордук шайлоо комиссиясынын тапшырмаларын аткарууга.

**11-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын жана төраганын орун басарларынын ыйгарым укуктары**

1. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы:

1) мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, коммерциялык эмес жана эл аралык уюмдарда Борбордук шайлоо комиссиясынан атынан чыгат;

2) Борбордук шайлоо комиссиясынын ишин уюштурат;

3) Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналыштарын чакырат жана төрагалык кылат;

4) анын ыйгарым укуктарына кирген маселелер боюнча буйруктарды жана тескемелерди чыгарат;

5) Борбордук шайлоо комиссиясынын токтомдоруна жана башка документтерине кол коет;

6) Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдерин ишке ашыруу үчүн контролду жүзөгө ашырат;

7) орун басарларынын жана Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн ортосунда милдеттерди жана тапшырмаларды бөлүштүрөт;

8) Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратына жалпы жетекчиликти жүзөгө ашырат;

9) Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын, төмөн турган шайлоо комиссияларынын штаттык санын, түзүмүн жана чыгымдарынын сметасын бекитет;

10) колдонуудагы мыйзамдарга ылайык, Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлерин жана штаттан тышкаркы кызматкерлерди ишке кабыл алууну жана бошотууну жүзөгө ашырат;

11) шайлоо комиссияларынын ишин каржылык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу маселелерин чечет;

12) Борбордук шайлоо комиссиясынын дарегине келип түшкөн бардык сунуштар, арыздар жана даттануулар жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө маалымдайт жана аларды кароо боюнча ишти уюштурат;

13) Жогорку Кенешке жыл сайын баяндама берет;

14) мыйзамдарда каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

2. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы болбогон мезгилде анын ыйгарым укуктарын анын орун басары аткарат.

### 12-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын аппараты

1. Борбордук шайлоо комиссиясынын ишин уюштуруу усулдук, маалыматтык-талдоо, материалдык-техникалык жактан камсыз кылууну Борбордук шайлоо комиссиясынын аппараты жүзөгө ашырат.

2. Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын жетекчиси Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратына жетекчиликти жүзөгө ашырат.

3. Борбордук шайлоо комиссиясынын ар бир аймактык шайлоо комиссиясында аймактык шайлоо комиссиясынын ишин координациялык, уюштуруу-усулдук жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылууну жүзөгө ашыруучу, ошондой эле шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларынын тизмелерин жүргүзүүчү, жаңылоочу жана тактоочу туруктуу атайын өкүлү жана тутумдук администратору болот.

4. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясына дайындалган атайын өкүл жана системалык администратор Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкери болуп саналат. Аймактык шайлоо комиссиясынын атайын өкүлүнүн жана тутумдук администраторунун иши жөнүндө жобо Борбордук шайлоо комиссиясынын токтому менен бекитилет.

5. Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлери мамлекеттик жарандык кызматчылар болуп саналат.

6. Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын уюштуруучулук түзүмү жана штаттык саны Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан аныкталат.

7. Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлеринин укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги, ошондой эле мамлекеттик жарандык кызматты өтөө шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан бекитилген кызматтык нускамалар менен аныкталат.

### 13-берене. Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борбору

1. Борбордук шайлоо комиссиясы жарандардын, шайлоочулардын (референдумдун катышуучуларынын) укуктук маданиятын жогорулатуу жаатында иштерди уюштуруу, координациялоо жана камсыз кылуу, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн жана шайлоо процессинин башка

катышуучуларын окутуу максатында Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борборун (мындан ары - Борбор) уюштурат.

2. Борбордун негизги милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

1) жарандардын, шайлоочулардын (референдумдун катышуучуларынын), саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин өкүлдөрүн, шайлоо органдарына талапкерлерди, алардын ишенимдүү адамдарын, байкоочуларды, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн жана башка адамдарды укуктук жактан агартуу;

2) жарандарды, бардык деңгээлдеги шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн, байкоочуларды жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын окутууну уюштуруу;

3) Борбордук шайлоо комиссиясынын пландарын эске алуу менен Кыргыз Республикасындагы шайлоо технологияларына мониторинг жүргүзүү жана аларды өркүндөтүү.

3. Борбордун иши Кыргыз Республикасынын калкынын бардык социалдык катмарларына жана жаш курактык топторуна багытталган.

4. Борбордун уставы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилет.

5. Борбор республикалык бюджеттин каражаттарынан жана мыйзамдарда тыюу салынбаган каржылоонун башка булактарынан каржыланат.

**14-берене. Борбордук шайлоо комиссиясынын ишин финансылык жактан камсыз кылуу**

1. Борбордук шайлоо комиссиясын финансылоо кезектеги каржылык жылга республикалык бюджетте өзүнчө сап менен каралат.

2. Кезектеги шайлоолорду, референдумдарды даярдоого жана өткөрүүгө ассигнованиелер кезектеги каржылык жылга республикалык бюджетте өзүнчө сап менен каралат.

3. Борбордук шайлоо комиссиясынын шайлоолорду, референдумдарды даярдоо жана өткөрүү боюнча чыгымдары республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт. Шайлоону, референдумду өткөрүүгө каражаттар Экономика жана финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы тарабынан Борбордук шайлоо комиссиясынын эсебине шайлоо, референдум дайындалган күндөн тартып он календардык күндөн кечиктирбестен которулат.

4. Шайлоону, референдумду чет өлкөлүк мамлекеттер, чет өлкөлүк

мамлекеттик органдар, мекемелер жана ишканалар, башка чет өлкөлүк юридикалык жактар, алардын филиалдары жана өкүлчүлүктөрү, чет өлкөлүк жарандар, Кыргыз Республикасында катталган эл аралык уюмдар, шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү программаларын, шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларынын укуктук маданиятын жогорулатуу боюнча илимий-изилдөө, маалыматтык, билим берүү программаларын, ошондой эле шайлоолорду, референдумдарды техникалык даярдоону каржылоону кошпогондо, катышуучусу чет өлкөлүк юридикалык жактар жана жарандар болуп саналган юридикалык жактар тарабынан шайлоолорду, референдумдарды каржылоого тыюу салынат.

5. Шайлоо системасын өнүктүрүүгө, анын ичинде жаңы шайлоо технологияларын, автоматташтыруу каражаттарын киргизүүгө, шайлоочуларды, референдумдун катышуучуларын Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлерин, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн, резервди укуктук жактан окутууга байланыштуу мамлекеттик программалардын иш-чараларын каржылык жактан камсыз кылуу республикалык бюджеттен, Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын фондунан жана башка мыйзамдар менен тыюу салынбаган каржылоо булактарынан бөлүнгөн каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт.

6. Борбордук шайлоо комиссиясынын төмөнкүдөй чыгымдары республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен финансыланат:

1) шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлеринин эмгегине акы төлөө жана сый акы берүү, ошондой эле эмгек келишими боюнча шайлоо комиссияларында иштөөгө тартылган жарандарга төлөмдөр;

2) басма продукциясын даярдоого жана басма ишин жүзөгө ашырууга (Борбордук шайлоо комиссиясынын бюллетени);

3) шайлоону, референдумду жана шайлоо комиссияларынын ыйгарым укуктарын камсыз кылуу үчүн зарыл жабдууларды (анын ичинде технологиялык), башка материалдык баалуулуктарды сатып алууга, жеткирүүгө жана орнотууга;

4) шайлоону, референдумду даярдоого жана өткөрүүгө байланыштуу шайлоо комиссиялары менен байланышты (телефондук, факсимилдик, почталык, электрондук), транспорттук чыгымдарды камсыз кылууга;

5) шайлоо документтерин жеткирүүгө, сактоого, аларды архивге өткөрүп берүүгө даярдоого же жок кылууга;

6) алардын чектерин, даректерин көрсөтүү менен шайлоо

участкаларынын, шайлоо округдарынын тизмесин, аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларынын курамын жарыялоого;

7) шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларынын тизмелерин жана аларды шайлоочулардын эсебин жүргүзүүнүн бирдиктүү тутумуна киргизүү жөнүндө кабарламаларды жарыялоого;

8) шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларын эсебин жүргүзүүнүн бирдиктүү тутумун түзүүгө, өнүктүрүүгө жана жүргүзүүгө;

9) шайлоону, референдумду уюштуруу жана өткөрүү боюнча иш-чараларды камсыз кылуу максатында шайлоо комиссияларынын иш сапарлары жана жол-киреси боюнча чыгымдардын ордун толтурууга;

10) талапкерлерге, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясый партияларга акысыз эфирдик убакыт, акысыз басылма аянтын берүүгө;

11) шайлоо комиссияларынын маалыматтарын жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоого;

12) Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлерин, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн жана резервди үзгүлтүксүз жана дайыма окутууну өткөрүүгө;

13) шайлоо (референдум) өткөрүлгөн күнгө, ошондой эле шайлоо (референдум) күнүнө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген өлчөмдө шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө суткалык төлөөлөргө;

14) шайлоо (референдум) өткөрүлгөн күнгө, ошондой эле шайлоо (референдум) күнүнө шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө, тартылган жарандарга бир адамдык суткалык өлчөмдө тамак уюштурууга;

15) шайлоону, референдумду өткөрүүгө, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарын жана ишин камсыз кылууга байланышкан башка чыгымдар.

7. Борбордук шайлоо комиссиясы акча каражаттарын чыгымдардын бекитилген сметасына ылайык бөлүнгөн каражаттардын чегинде шайлоону, референдумду өткөрүүгө чыгымдайт. Борбордук шайлоо комиссиясы төмөн турган шайлоо комиссияларынын чыгымдарын борбордоштурулган тартипте төлөй алат.

8. Борбордук шайлоо комиссиясынын шайлоону, референдумду даярдоого жана өткөрүүгө республикалык бюджеттин каражаттарын чыгымдоо жөнүндө финансылык отчету жарыялоонун расмий булактарында, Борбордук шайлоо комиссиясынын бюллетенинде жана расмий сайтында шайлоонун, референдумдун натыйжалары

жарыяланган күндөн тартып үч айдан кечиктирбестен жарыяланат.

9. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы акча каражаттарын тескейт жана финансылык документтердин Борбордук шайлоо комиссиясынын финансы маселелери боюнча чечимдерине дал келиши жана каржылык отчетторду ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттө берилиши үчүн жоопкерчилик тартат.

**15-берене. Ушул конституциялык Мыйзамдын күчүнө кириши**

1. Ушул конституциялык Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Ушул конституциялык Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып төмөндөгүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 30-июнундагы № 62 Мыйзамынын 2-4-главалары (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., № 6, 557-ст.);

